***DOI:10.26104/NNTIK.2022.14.78.077***

***Садыков Т., Шерова А.К.***

# ИНЛАУТ ҮНСҮЗДӨРДҮН «МАНАС» ЭПОСУНУН ТЕКСТИНДЕГИ ФОНОСТАТИСТИКАСЫ

***Садыков Т., Шерова А.К.***

# ФОНОСТАТИСТИКА ИНЛАУТНЫХ СОГЛАСНЫХ В ТЕКСТЕ ЭПОСА «МАНАС»

***T. Sadykov, A. Sherova***

# PHONOSTATISTICS OF INLAUT CONSONANTS IN THE TEXT OF THE EPIC «MANAS»

*УДК: 81-114*

*Макалада «Манас» эпосунун текстиндеги үнсүздөрдүн сөз ортосунда колдонуу өзгөчөлүктөрүн фоностатистикалык жактан териштирүү максаты көздөлөт. Бул максатта «Манас» эпосунун Жусуп Мамай нускасын компьютерде териштирип, эпос текстинде сөз ортосунда 2778982 (эки миллион жети жүз жетимиш сегиз миң тогуз жүз сексен эки) (100%) тыбыш келери, анын ичинде 1422124 (бир миллион төрт жүз жыйырма эки миң бир жүз жыйырма төрт) (51,1%) үнсүз, 1360592 (бир миллион үч жүз алтымыш миң беш жүз токсон эки) (48,9%) үндүү тыбыш бар экени жана инлаут өңүттө үндүү жана үнсүз тыбыштардын жалпы функционалдык күчү бири бирине дээрлик теңелери анык болду. Статистикалык илик дал ушул өңүттө төмөнкү белгилер боюнча жүргүзүлөт: үнсүздөрдүн жалпы колдонуу жыштыгы жана үлүшү, алардын статистикалык топторго жиктелиши, ар бир үнсүздүн жеке жана ажыратуу белгилеринин деңгээлиндеги функционалдык күчү териштирилди. Мындай изилдөөлөр тилибиздеги үнсүздөрдүн колдонулушуна, артикуляциялык базасына жана функционалдык күчүнө байланыштуу баалуу маалыматтарды берет.*

***Негизги сөздөр:*** *«Манас» эпосу, Жусуп Мамайдын тексти, сөз формасы, инлаут өңүтү, үнсүз тыбыштар, ажыратуу белгилери, колдонушу, жыштыгы, үлүшү, фоностатистикалык талданышы.*

*Целью данной статьи является статистическое исследование особенностей употребления согласных в позиции инлаута слов в тексте эпоса «Манас». Для проведения данного исследования был выбран вариант Джусупа Мамая эпоса «Манас». Путем компьютерной обработки было установлено наличие в середине слова 2778982 (два миллиона семьсот семьдесят восемь тысяч девятьсот восемьдесят два) (100%) звуков, в том числе - 1422 124 (один миллион четыреста двадцать две тысячи сто двадцать четыре) (51,1%)согласных и 1360592 (один миллион триста шестьдесят тысяч пятьсот девяносто два)(48,9%) гласных, что свидетельствует значительной вокализации позиции слов текста эпоса «Манас». Статистический анализ инлаутной позиции производился по следующим признакам: общая и индивидуальная статистика употребления согласных, группировка согласных по частоте их употребления, статистический вес согласных на уровне их различительных признаков. Проведенное исследование позволяет определить функциональную силу и артикуляторную базу согласных звуков.*

***Ключевые слова:*** *эпос «Манас», текст Жусуп Мамая, словоформа, позиция инлаута, согласные звуки,их различительные признаки, частота и доля их употребления, фоностатистический анализ.*

*The purpose of this article is a statistical study of the features of the use of consonants in the position of the input of words in the text of the epic «Manas». For this study, a variant of the Dzhusup Mamai epic «Manas» was chosen. By computer processing, the presence of 2778982 (two million seven hundred seventy-eight thousand nine hundred eighty-two) (100%) sounds in the middle of the word was established, including 1,422,124 (one million four hundred twenty two thousand one hundred twenty four) (51.1%) consonants and 1360,592 (one million three hundred sixty thousand five hundred ninety-two) (48.9%) vowels, which indicates a significant vocalization of the position of the words of the epic «Manas» text. Statistical analysis of the input position was carried out according to the following criteria: general and individual statistics of consonant use, grouping of consonants by frequency of their use, statistical weight of consonants at the level of their differential features. The conducted research makes it possible to determine the functional strength and articulatory base of consonant sounds.*

***Key words:*** *epic «Manas», the text of Zhusup Mamay, word form, the position of inlaut, consonant sounds, differential features, frequency and share of their use, phonostatistical analysis.*

«Манас» эпосунун текстинде колдонулган үнсүз тыбыштардын сөз ортосундагы фоностатистикасы төмөнкү жыштык сөздүк аркылуу тастыкталат:

| № | Тыбыш | Жыштыгы | Үлүшү | № | Тыбыш | Жыштыгы | Үлүшү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | л | 193 010 | 13,57 % | 12 | ш | 45 445 | 3,20 % |
| 2. | р | 177 461 | 12,48 % | 13 | к | 38 140 | 2,68 % |
| 3. | т | 147 084 | 10,34 % | 14 | г | 36 721 | 2,58 % |
| 4. | д | 137 919 | 9,70% | 15 | ч | 34 317 | 2,41 % |
| 5. | н | 136 409 | 9,59% | 16 | з | 30 876 | 2,17 % |
| 6. | й | 87 022 | 6,12 % | 17 | п | 25 123 | 1,77 % |
| 7. | ғ | 71 033 | 4,99 % | 18 | ң | 22 957 | 1,61 % |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 8. | қ | 66 275 | 4,66 % | 19 | ж | 7 745 | 0,54 % |
| 9. | б | 60 926 | 4,28 % | 20 | х | 372 | 0,03 % |
| 10. | с | 52 398 | 3,68 % | 21 | ф | 87 | 0,02 % |
| 11. | м | 50 749 | 3,57 % | 22 | в | 55 | 0,01 % |
| | | | | | **Бардыгы** | **1 422 124** | **100 %** |

Эпос текстинде колдонулган бардык үндүү-үнсүз тыбыштардын 33% жана бардык үнсүз тыбыштардын 57% сөз ортосуна дал келет экен. Эгерде нускадагы сөздөрдүн орточо узундугу 5-6 тыбыштан турарын эске алып, андан сөз башы менен аягын чыгарып салсак, анда сөз ортосундагы 3-4 позициянын ар бирине орто эсеп менен 406000 ден тыбыш туура келет экен. Кызыгы, сөз башы, сөз соңу жана сөз ортосунун ар бир позициясындагы тыбыштардын саны болжол менен бири бирине дал келет. Мунун себеби эмнеде? Бул, албетте, өзүнчө изилдөөнү талап кылган маселе.

Таблицадан белгилүү болгондой, эпос текстинде сөз ортосун куруууга 22 үнсүз катышат. Алар колдонуу жыштыгы жана үлүшү боюнча төмөнкүчө бөлүнөт:

1. Сөз ортосунда колдонулушу жагынан эң жыш колдонулган топ курамына *л, р* уччул уяң үнсүздөрүн камтыйт. Топтун жыштыгы – 370471, үлүшү - 26,06%. Демек, эпостогу сөз ортосун түзүүгө катышкан 100 үнсүздүн жыйырма алтыдан ашыгы *л, р* үнсүздөрүнө туура келет.

2. Жыш колдонулган 2-топ курамына *т, д, н* тишчил үнсүздөрүн камтыйт: топтун жыштыгы – 421412, үлүшү - 29,63%. Булардын ичинен топ башында 147 084 ирет колдонулуп, 10,34% үлүштү ээлеген *т* үнсүзү турат. Топтогу калган тыбыштардын статистикалык күчү төмөнкүчө азайып олтурат: *д* (137 919-9,70%), *н* (136 409-9,59%). Кыскасы, топтун жалпы семиотикалык күчү эпостогу инлаут үнсүздөрдүн 30% үлүшүн түзөт экен.

3. Орто жыштыктагы 3-топтун курамы: *й* (87 022-6,12%), *ғ* (71 033-4,99%), *қ* (66 275-4,66%), *б* (60 926-4,28%), *с* (52 398-3,68%), *м* (50 749-3,57%), *ш* (45 445-3,20%), *к* (38 140-2,28%). *г* (36 721-2,58%). Ошол эле маалда аталган топтун статистикасы төмөнкүчө мүнөздөлөт: жалпы жыштыгы - 508 709, үлүшү - 35,77%. Демек, сөз ортосунда келген 100 үнсүздүн 36 жакыны дал ушул үнсүздөргө туура келет экен.

4. Сейрек жыштыктагы 4-топ курамына *ч, з, п, ң, ж* тыбыштарын камтыйт: жалпы жыштыгы - 90 138, үлүшү - 6,34%. Булардын ичинен *ч* (34 317-2,41%), *з* (30876-2,17%), *п* (25 123-1,77%), *ң* (22 957-1,61%), *ж* (7 745-0,54%) тыбыштарына 15-19 – орундар таандык. Кыскасы, бул топ аркылуу эпос текстиндеги сөз ортосунда келген үнсүздөрдүн 6,34% үлүшү гана уюшулат экен.

5. Сөз ортосунда 514 ирет катталып, сөз ортосунда колдонулган бардык үнсүздөрдүн болгону 0,06% үлүшүн ээлеген *х, ф, в* тыбыштары калган бардык тыбыштардан обочолонуп, өтө сейрек кездешкен тыбыштардын тобун түзөт.

Ошентип, эпос текстиндеги сөз ортосун уюштурган 1422124 үнсүз тыбыштын статистикалык салмагы төмөнкүчө жайгашат: 1-2-топ 55,69% → 3-топ 35,77% → 4-топ 6,34% → 5-топ 0,06%.

Эми тексттеги инлаут үнсүздөрдүн ажыратуу белгилери боюнча жүргүзүлгөн фоностатистикалык иликке сереп салалы.

**1. Жасалуу ыгы.** Бул белги үнсүз тыбыштарды жарылма жана жылчыкчыл үнсүздөр деп эки чоң топко бөлөт [6, 114-б.].

**Жарылмалар**. Курамы: *т, қ, н, д, к, б, м, ч, ж, п, ң, г* үнсүздөрү, жалпы жыштыгы - 764365, үлүшү - 53,75%≈ 54%. Булар жыштык жана үлүш жактан беш топко бөлүнөт:

1. Эң жыш колдонулган 1-топ курамына *т* тыбышы камтылат: топтун жыштыгы - 147 084, үлүшү - 19,24%. Демек, сөз ортосун түзүүгө катышкан 100 жарылма үнсүздүн 19 ашыгы дал ушул үнсүз болот.

2. Жыш колдонулуп, 2-орунду ээлеген *д, н* тыбыштары сөз ортосун уюштурган 764365 жарылма үнсүздүн ичинде *д* тыбышы 137919 ирет, *н* тыбышы 136409 ирет катталып, экөө биригип жарылмалардын 35,89% үлүшүн ээлейт.

3. Орто жыштыктагы 3-топтун курамы: *қ* (66275-8,67%), *б* (60926-7,97%), *м* (50749-6,64%). Топтун жыштыгы - 177950, үлүшү - 23,28%.

4. Сейрек жыштыктагы 4-топтун курамы: *к* (38140-4,99%), *г* (36721-4,80%), *ч* (34317-4,49%), *п* (25123-3,29%), *ң* (22957-3,00%). Жалпы жыштыгы жана үлүшү: 157 258-20,57%.

5. Өтө сейрек колдонулган 5-топ курамына *ж* тыбышын камтыйт: жыштыгы - 7745, үлүшү - 1,01%.

Ошентип, эпос текстиндеги сөз ортосун уюштурууга катышкан жарылма үнсүздөрдүн жалпы үлүшү 54% болот да, алар беш статистикалык топ боюнча төмөнкүчө жайгашат: 1-топ *(т)* 19,24% -- 2-топ *(д, н)* 35,89% -- 3-топ *(қ, б, м)* 23,28% -- 4-топ *(к, г, ч, п, ң)* 20,57%--5-топ (*ж)*1,01%.

**Жылчыкчылдар.** Курамы: *р, л, й, с, ш, з, ғ, х, в, ф,* жалпы жыштыгы – 657759, үлүшү – 46,25%≈ 46%. Булар жыштык жана үлүш жактан беш топко бөлүнөт:

1. Сөз ортосунда колдонулушу жагынан эң жыш колдонулган топ курамына *л, р* тыбыштарын камтыйт: жалпы жыштыгы - 370471, үлүшү - 56,32%. Демек, эпос текстинин сөз ортосун түзүүгө катышкан жылчыкчылдардын дээрлик жарымынан көбү *л, р* уяң үнсүздөрүнө туура келет.

2. Жыш колдонулган 2-топтун курамы: *й* (87022 – 13,23%), *ғ* (71033-10,80%). Жалпы жыштыгы - 158 055, үлүшү - 24,03%.

3. Орто жыш колдонулган 3-топтун курамы: *с* (52398-7,97%)*, ш* (45445-6,91%) тыбыштары. Топтун жыштыгы - 97843, үлүшү - 14,88%.

4. Сөз ортосунда 30876 ирет колдонулуп, сөз ортосун түзгөн жалпы жылчыкчылдардын 4,69% үлүшүн камтыган *з* тыбышына 4-орун ыйгарылат.

5. Сөз ортосунда 514 ирет катталып, 0,08% үлүштү камтыган *х, ф, в* тыбыштары өтө сейрек кездешкен тыбыштарга жатат.

Демек, жылчыкчыл үнсүздөрдүн статистикалык салмагы төмөнкүчө жайгашат: 1-топ *(л, р)* 56,32% -- 2-топ *(й, г )* 24,03% -- 3-топ *( с, ш)* 14,88% -- 4-топ *(з)* 4,69% -- 5-топ (*х, ф, в*) 0,08%.

Ошентип, эпос текстинде сөз ортосун түзгөн үнсүздөрдүн ичинен жарылмалар 54% үлүштү камтыса, жылчыкчылдар 46% үлүштү камтыйт.

**2. Жасалуу орду.** Үнсүздөрдүн жасалышына негиз болгон тоскоолдун ооз көңдөйүндөгү кайсы жеринде пайда болгонун билдирип, аларды төмөнкүдөй 6 топко бөлөт: эринчилдер *(п, б, м, ф, в),* тишчилдер *(т, д, н, с, з, л),* алдыңкы таңдайчылдар *(ч, ж, ш, р),* орточулдар (*й*), артчылдар *(к, г, ң, х)* жана түпчүлдөр *( қ, ғ)*.

**Эринчилдер.** Курамы: *п, б, м, ф, в* үнсүздөрү, жалпы жыштыгы - 136940, үлүшү – 9,6%. Булар колдонуу жыштыгына карай төмөнкүчө жиктелет:

1. 1-орунду ээлеп, сөз ортосунда эң жыш колдонулганы – *б* үнсүзү, эпос текстинде сөз ортосунда 60926 ирет катталып, эринчилдердин 44,49% үлүшүн камтыйт.

2. Жыш колдонулганы - *м* тыбышы: жыштыгы: – 50 749, үлүшү – 37,06%.

3. Орто жыш колдонулганы - *п* тыбышы: жыштыгы - 25123, үлүшү – 18,34%.

4. Сейрек колдонулганы - *ф, в* үнсүздөрү: жалпы жыштыгы –142, үлүшү – 0,1%.

Демек, сөз ортосунда эринчилдердин ичинен функционалдык жактан эң күчтүүсү - *б* үнсүзү болсо, эң алсызы - *ф, в* үнсүздөрү болот.

**Тишчилдер.** Курамы: *т, д, н, с, з, л* үнсүздөрү, жалпы жыштыгы - 697696, үлүшү – 49,06%. Мындан эпос текстинде сөз ортосунда келүү жагынан тишчилдер эринчилдерге караганда 5 эсе көп колдонулгандыгын көрүүгө болот. Тишчилдер колдонуу жыштыгына карай төмөнкүчө жиктелет:

1. Тишчил үнсүздөрдүн ичинен эң көп колдонулганы - *л* тыбышы, сөз ортосунда 193010 ирет катталып, тишчил үнсүздөрдүн 27,66% үлүшүн камтыйт.

2. Жыш колдонулган 2-топ курамына 21,08% үлүштүү *т* үнсүзүн алат.

3. Орто жыш колдонулуп, 3-орунду *д* (137 919 – 19,77%), *н* (136 409 – 19,55%) тыбыштары алат: булардын жалпы жыштыгы – 274 328, үлүшү – 39,32%.

4. Тишчилдердин 11,94% үлүшүн камтып, сейрек колдонулган топтун курамын түгөйлөш *з, с* үнсүздөрү түзөт: жалпы жыштыгы – 83274.

Ошентип, сөз ортосунда келген тишчил үнсүздөрдүн ичинен функционалдык жактан эң күчтүүсү - *л* үнсүзү, күчтүүсү - *т* үнсүзү, орто күчтүүсү - *д, н* үнсүздөрү, алсызы - *с, з* үнсүздөрү экен.

**Алдыңкы таңдайчылдар.** Курамы: *р, ч, ш, ж* үнсүздөрү, жалпы жыштыгы – 264 968, үлүшү – 18,63%. Булар колдонуу жыштыгы боюнча төмөнкүчө бөлүнөт:

1. Эң жыш колдонулганы - *р* тыбышы, сөз ортосунда 177461 ирет колдонулуп, алдыңкы таңдайчылдардын 66,97% үлүшүнө ээлик кылат.

2. Жыш колдонулганы - *ш* тыбышы: жыштыгы – 45 445, үлүшү – 17,15%.

3. Орто жыш колдонулганы - *ч* тыбышы, алдыңкы таңдайчылдардын 12,95% үлүшүн камтып, 34 317 ирет колдонулат.

4. Сейрек колдонулганы - *ж* үнсүзү, сөз ортосунда 7745 ирет колдонулуп, алдыңкы таңдайчылдардын 2,92% үлүшүн ээлейт.

Демек, эпос текстинин сөз ортосунда колдонулган алдыңкы таңдайчылдардын ичинен функционалдык жактан эң күчтүүсү - *р* тыбышы болсо, эң алсызы - *ж* тыбышы болот экен.

**Орточулдар.** Курамы: *й* үнсүзү, жыштыгы – 87022, үлүшү – 5,9%≈ 6%.

**Артчылдар.** Курамы: *к, г, х, ң* үнсүздөрү, жалпы жыштыгы – 84416, үлүшү – 5,9%≈ 6%. Булар колдонуу жыштыгы боюнча төмөнкүчө бөлүнөт:

1. Артчылдардын ичинен эң жыш колдонулганы - *к* тыбышы: жыштыгы – 38 140, үлүшү – 45,18%. Демек, сөз ортосунда келген 100 артчыл үнсүздүн кырк бешин *к* тыбышы түзөт экен.

2. Жыш колдонулганы - *г* тыбышы, сөз ортосунда 36 721 ирет колдонулуп, артчыл үнсүздөрдүн 43,50% үлүшүн ээлейт.

3. 3-орун *ң* тыбышына ыйгарылат. Ал сөз ортосунда 9183 ирет колдонулуп, артчылдардын 10,84% үлүшүн камтыйт.

4. Сейрек колдонулганы - *х* үнсүзү, сөз ортосундагы артчыл үнсүздөрдүн 0,44% үлүшүнө ээлик кылат.

Ошентип, сөз ортосундагы артчылдардын ичинен функционалдык жактан эң күчтүүсү *к* тыбышы болсо, эң алсызы *х* үнсүзү болот экен.

**Түпчүлдөр.** Курамы: *қ, ғ* үнсүздөрү, жалпы жыштыгы – 151082, үлүшү – 10,6%. Булар колдонуу жыштыгы боюнча төмөнкүчө бөлүнөт:

1. Эпос текстинин сөз ортосунда эң жыш колдонулуп, түпчүлдөрдүн жалпы колдонулушунун 47,02% үлүшүн камтыган тыбыш - *ғ* үнсүзү.

2. Андан кийинки жыш колдонулганы - *қ* тыбышы: жыштыгы – 66275, үлүшү – 43,87%.

3. Сейрек колдонулган *ң* тыбышы 9,12% үлүштү камтып, сөз ортосунда 13774 ирет колдонулат.

Демек, түпчүлдөрдүн ичинен сөз ортосунда функционалдык жактан эң күчтүүсү - *ғ* үнсүзү, күчтүүсү - *қ* үнсүзү, алсызы - *ң* үнсүзү.

Ошентип, эпос тектинде сөз ортосун уюштурган үнсүздөр жасалуу орду боюнча төмөнкүдөй бөлүнөт:

| | | |
|---|---|---|
| тишчилдер *(т, д, н, с, з, л)* | 697696 | 49% |
| алдыңкы таңдайчылдар *(ч, ж, ш, р)* | 264968 | 19% |
| түпчүлдөр *(қ, ғ, ң)* | 151082 | 10% |
| эринчилдер *(п, б, м, ф, в)* | 136 940 | 10% |
| орточул (*й*) | 87022 | 6% |
| артчылдар *(к, г, х, ӊ)* | 84416 | 6% |
| **Бардыгы:** | **1422124** | **100%** |

Жогорто келтирилген маалыматтардан төмөнкүдөй бүтүм келип чыгат:

1. Сөз ортосунда колдонулушу жагынан 1-орунду тишчилдер түрмөгү ээлеп, бардык үнсүздөрдүн 49% үлүшүн камтыйт. Демек, эпос текстинин сөз ортосун уюштурган ар бир 100 үнсүздүн 49у тишчилдерге туура келет.

2. Колдонуу жыштыгы жана функционалдык жактан 2-орунду алдыңкы таңдайчылдар ээлешет. Булардын сөз ортосунда 264968 ирет кайталанып, 19% үлүштү камтыйт. Демек, сөз ортосун түзүүгө катышкан 100 үнсүздүн 19у алдыңкы таңдайчылдарга туура келет.

3. Орто жыштыктагы түпчүлдөр жана эринчилдер 3-орунду бөлүшөт. Булардын жалпы жыштыгы – 288022, үлүшү – 20%. Демек, сөз ортосунда келген ар бир 100 үнсүздүн 20сы түпчүл же эринчил болот.

4. Сөз ортосунда колдонулушу жагынан акыркы 4-орунду орточул жана артчыл үнсүздөр бөлүшөт. Булардын сөз ортосундагы жалпы үлүшү - 12,06%. Демек, сөз ортосунда келген 100 үнсүздүн 12си дал ушул 2 топко туура келет.

Ошентип, үнсүздөрдүн эпос текстинде сөз ортосун уюштурууга катышы жагынан функционалдык жактан эң күчтүүсү - тишчил үнсүздөр, күчтүүсү - алдыңкы таңдайчылдар, орто күчтүүсү - түпчүлдөр жана эринчилдер, алсыздары - орточул жана артчылдар болот.

**3. Түгөйлөш-уяңдык белгиси**. Бул белги үнсүздөрдү түгөйлөш жана уяңдар деп эки чоң топко бөлөт.

**Түгөйлөштөр.** Курамы: *п-б, т-д, ч-ж, к-г, қ-ғ, с-з, ф-в, ш-Ø, х-Ø*, жалпы жыштыгы – 754516, үлүшү – 53,06%. Түгөйлөштөр колдонуу жыштыгына карай төмөнкүчө жиктелет:

1. Эпос текстинин сөз ортосунда эң жыш колдонулганы - *т, д* үнсүздөрү. Топтун жыштыгы – 285003, үлүшү – 37,77%.

2. Жыш колдонулган 2-топ: *ғ* (71033-9,41%), *қ* (66 275-8,78%), *б* (60 926-8,07%) үнсүздөрү. Топтун жалпы үлүшү – 26,26%.

3. Орто жыштыктагы 3-топтун курамы: *с* (52398-6,94%), *ш* (45445-6,02%), *к* (38140-5,05%), *г* (36721-4,87%),*ч* (34317-4,55%). Топтун жыштыгы – 207021, үлүшү – 27,44%.

4. Сейрек колдонулган 4-топтун курамы: *з* (30876-4,09%), *п* (25 123-3,33%), *ж* (7745-1,03%) тыбыштары. Топтун жыштыгы – 63744, үлүшү – 8,45%.

5. Өтө сейрек жыштыктагы 5-топтун курамы: *х* (372-0,05%), *ф* (87-0,01%), *в* (55-0,01%) тыбыштары: жалпы үлүшү – 0,07%.

Демек, эпос текстинде сөз ортосун уюштурууга катышкан түгөйлөш үнсүздөрдүн ичинен функционалдык жактан эң күчтүүсү - *т, д* үнсүздөрү, күчтүүсү - *ғ, қ, б* үнсүздөрү, орто күчтүүсү - *с, ш, к, г, ч* үнсүздөрү, алсыздары - *з, п* үнсүздөрү, эң алсыздары - *х, в, ф* үнсүздөрү деп табылат.

**Уяңдар.** Курамы: *м, н, ң, л, р, й* үнсүздөрү, жалпы жыштыгы - 667608, үлүшү – 46,94%≈ 47%. Булар колдонуу жыштыгына карай төмөнкүчө жиктелет:

1. Уяң үнсүздөрдүн ичинен эң жыш колдонулганы - *л* үнсүзү, сөз ортосунда 193 010 ирет катталып, уяң үнсүздөрдүн 28,91% үлүшүн камтыйт.

2. Жыш колдонулган 2-топту *р* үнсүзү түзөт: сөз ортосунда 177 61 ирет колдонулуп, 26,68% үлүштү ээлейт.

3. Орто жыш колдонулган 3-топтун курамы: *н, й* үнсүздөрү. Топтун жыштыгы – 223431, үлүшү – 33,47%.

4. Сейрек колдонулган топтун курамы: *м* (50749-7,60%), *ң* (22957-3,44%) үнсүздөрү. Топтун үлүшү – 11,04%.

Демек, уяң үнсүздөрдүн ичинен сөз ортосунда функционалдык жактан эң күчтүүсү - *л* үнсүзү, күчтүүсү - *р* үнсүзү, орто күчтүүсү - *н, й* үнсүздөрү, алсызы - *м, ң* үнсүздөрү болот.

Ошентип, эпос текстинде сөз ортосунда келген үнсүздөрдүн 53% үлүшүн түгөйлөш үнсүздөр ээлесе, калган 47% үлүштү уяң үнсүздөр ээлейт экен. Демек, сөз башынан айырмаланып, сөз ортосунда бул эки топтогу үнсүздөр функционалдык жактан дээрлик жакындашат экен.

**4. Каткалаң-жумшактык белгиси.** Бул белги үнсүздөрдүн үн катышып же катышпай айтылышына негизделет да, аларды каткалаң жана жумшак үнсүздөр деген эки чоң топко бөлөт [140: 114].

**Каткалаңдар.** Курамы: *т, қ, к, с, ч, ш, п, х, ф,* жалпы жыштыгы - 409241, түгөйлөштөрдөгү үлүшү - 54,14%, бардык үнсүздөрдөгү үлүшү – 28,78%. Булар

колдонуу жыштыгы менен үлүшү боюнча төмөнкүчө бөлүнөт:

1. Сөз ортосунда эң жыш колдонулганы - *т* үнсүзү: жыштыгы – 147084, үлүшү – 21,75%.

2. Жыш колдонулганы – *ķ, с, ш* үнсүздөрү: жалпы жыштыгы – 164118, үлүшү – 40,1%.

3. Орто жыш колдонулган 3-топтун курамы: *к* (38140 – 9,32%), *ч* (34317-8,39%), *п* (25123-6,14%). Топтун жалпы жыштыгы – 97580, үлүшү – 23,8%.

4. Сейрек колдонулгандары *х, ф* үнсүздөрү: жалпы жыштыгы – 459, үлүшү – 0,11%.

Демек, сөз ортосундагы каткалаң үнсүздөрдүн ичинен функционалдык жактан эң күчтүүсү - *т* үнсүзү, күчтүүсү - *ķ, с, ш* үнсүздөрү, орто күчтүүсү - *к, ч, п* үнсүздөрү, алсыздары - *х, ф* үнсүздөрү деп табылат.

**Жумшактар.** Курамы: *б, в, г, д, ж, з, ғ* үнсүздөрү, жалпы жыштыгы – 345275, түгөйлөштөрдөгү үлүшү – 45,76%, бардык үнсүздөрдөгү үлүшү – 24,28%. Булар колдонуу жыштыгы менен үлүшү боюнча төмөнкүчө бөлүнөт:

1. Жумшак үнсүздөрдүн ичинен функционалдык жактан эң күчтүүсү, сөз ортосунда эң жыш колдонулганы - *д* үнсүзү. Анткени бул тыбыш сөз ортосунда 137919 ирет колдонулуп, жумшак үнсүздөрдүн 24,28% үлүшүн ээлейт.

2. Сөз ортосунда келүү жагынан 2-орун *ғ* үнсүзүнө таандык: жыштыгы – 71033, үлүшү – 20,57%.

3. Орто жыш колдонулганы - *б* тыбышы, сөз ортосунда 60926 ирет колдонулуп, жумшак үнсүздөрдүн 17,65% үлүшүн камтыйт.

4. 4-орун *г, з* тыбыштарына ыйгарылат. Топтун жыштыгы – 67597, үлүшү – 19,58%.

5. Сейрек колдонулгандары - *ж, в* үнсүздөрү, сөз ортосунда 7800 ирет кайталанып, жумшак үнсүздөрдүн 2,26% үлүшүн түзөт.

Демек, сөз ортосундагы жумшак үнсүздөрдүн ичинен функционалдык жактан эң күчтүүсү - *д* үнсүзү, күчтүүсү - *ғ* үнсүзү, орто күчтүүсү - *б* үнсүзү, алсызы - *г, з* үнсүздөрү, эң алсызы - *х, ф* үнсүздөрү деп табылат.

Ошентип, эпос текстинде келген үнсүз тыбыштардын сөз ортосундагы колдонулушунда жарылма-жылчыкчылдык белгиси боюнча функционалдык жактан эң күчтүүсү - жарылмалар, алсызы- жылчыкчылдар (жарылмалар - 54%, жылчыкчылдар - 46%), жасалуу орду боюнча эң күчтүүсү-тишчилдер, эң алсызы – орточулдар менен артчылдар (тишчилдер - 49%, алдыңкы таңдайчылдар - 22%, түпчүлдөр - 10%, эринчилдер - 9%, орточулдар - 6%, артчылдар - 6%), түгөйлөш-уяңдык белгиси боюнча эң күчтүүсү-түгөйлөштөр, алсызы – уяңдар (түгөйлөштөр - 53%, уяңдар - 47%), каткалаң-жумшактык белгиси боюнча эң күчтүүсү – каткалаңдар, алсызы – жумшактар (каткалаңдар - 29%, жумшактар - 24%) болот экен.Демек, жарылмалар сөз ортосун түзгөн үнсүздөрдүн ичинен эпос текстинде 54% үлүштү камтыса, жылчыкчылдар 46% үлүшүн камтыйт.

Үнсүздөрдүн эпос текстинде сөз ортосун уюштурууга катышы жагынан функционалдык жактан эң күчтүүсү - тишчил үнсүздөр, булар сөз ортосунда колдонулушу жагынан 1-орунду ээлеп, бардык үнсүздөрдүн 49% үлүшүн камтыйт. Күчтүүсү - 22% үлүштүү алдыңкы таңдайчылдар, орто күчтүүсү - 19% үлүштү бөлүшкөн түпчүлдөр жана эринчилдер, алсыздары - 12% жалпы үлүштү түзгөн орточул жана артчылдар болот.

Эпос текстинде сөз ортосунда келген үнсүздөрдүн 53% үлүшүн түгөйлөш үнсүздөр ээлесе, калган 47% үлүштү уяң үнсүздөр ээлейт. Демек, сөз ортосунда бул эки топтогуүнсүздөр функционалдык жактан дээрлик жакындашат экен.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыздардын сүйлөө органдарынын активдүүлүк даражасы менен улуттук мүнөзүн чагылдырган жогорудагы маалыматтар антрополингвистикалык өңүттөн тереңден териштирүүнү талап этет.

**Адабияттар:**


1. Жусуп Мамай. Манас [Текст] / Жусуп Мамай. - Кытай: Шинжаң эл бас., 2004. - 1782-б.
2. Жүсүп Мамай. Манас [Текст] / Транслитерация: А. Мукаш кызы, Ч. Субакожоева, Б. Иличбекова. - Б.: ЖЧК «ИПК Максат» 2014. - 752-б.
3. Жүсүп Мамай. Семетей [Текст]. / Транслитерация: Мукаш кызы А., Ч. Субакожоева, Б. Иличбекова. - Б.: ЖЧК «ИПК Максат» 2014. - 500-б.
4. Жүсүп Мамай. Сейтек [Текст] / Транслитерация: А. Мукаш кызы, Ч. Субакожоева, Б. Иличбекова. - Б.:ЖЧК «ИПК Максат» 2014. - 324-б.
5. Жүсүп Мамай. Кененим [Текст] / Транслитерация: Мукаш кызы А., Ч. Субакожоева, Б. Иличбекова. - Б.: ЖЧК «ИПК Максат» 2014. - 464-б.
6. Садыков, Т. Азыркы кыргыз тили: фонетика жана фонология [Текст] / Т. Садыков, К. Токтоналиев. - Бишкек: Имак Офсет, 2015. - 360-б.